УДК 800:809.434.1 *М.Ж.ТУМОНБАЕВА*

*E-mail: ksucta@elcat.kg.*

**КЕПТИ УЮШТУРУУЧУ СУПЕРСЕГМЕНТТИК КАРАЖАТТАР**

*Бул макала кепти уюштуруучу суперсегменттик каражаттарды изилдөөгө арналат.*

*Данная статья посвящается исследованию суперсегментных единиц, организующих речь.*

*This article investigates the research of super segmented units, organizing the speech.*

Биздин заманга чейин эле байыркы грек окумуштуулары тилдин түзүлүшүн ар кандай элементтерге ажыратып, составдык бөлүктөргө бөлүшүп келишкен. Айтылуу Аристотель менен Платон философиялык эмгектеринде интонациянын элементтерин үн ыргагына, тынымга жана темпке ажыратышкан. Интонациянын материалдык табиятын көптөгөн авторлор фонетикалык каражаттын жыйындысы катары карашат. Мындай "фонетикалык каражаттын жыйындысын" составдык бөлүктөргө бөлүштүрүүдө интонологдор тарабынан бирдей пикир жок. Айрым изилдөөчүлөр интонациянын элементин эки гана компонентке бөлүштүрсө, кээ бир тилчилер сегиз, тогуз компонентке чейин бөлүштүрөт.

Профессор Т.К.Ахматов интонациянын төмөнкүдөй элементтерин бөлүп көрсөтөт: “Көп учурда оозеки речти уюштуруучу бардык каражаттардын жыйындысын интонация катарында карашат. Мындай каражаттарга: 1) мелодика (үндүн негизги тонунун кыймылы), 2 пауза, 3) речтеги айрым тыбыштардын күчү, 4) речтин тембри, 5) речтин темпи кирет. Интонациянын бул элементтери реалдуу ажырагыс бирдик катарында речте жашайт” (Ахматов, 1980, 37).

Интонациянын составдык элементтерин мындай бөлүштүрүү интонациянын компоненттерин толук камтыбаса да, кандайдыр бир деңгээлде системага салынганын көрөбүз. Бирок, булардын ичинен интонациянын алты компоненти интонациянын негизги өзөгүн түзөт деген ойдобуз. Аларга үн ыргагы, басым, темп, үндүн күчү, тыным жана тембр кирет. Интонациянын составдык бөлүгүнүн ар бирине өз-өзүнчө токтололу.

Айтымдагы тыбыштардын, сөздөрдүн, синтагмалардын, сөз айкаштарынын катыштык жактан өзгөрүшү үн ыргагы мелодика деп аталат. Мелодика деген сөз грек тилиндеги “melodis - күү, ыр” деген сөздөн алынган. Айтымдын коммуникативдик түрлөрү үн ыргагынын таасири астында функционалдык жактан бир түрдөн экинчи түргө өтүп турат:

- *<u>Койчу айланайын</u>, - деди апам бырс күлүп, - <u>кечинде эле жаабайт дебедиң беле</u>! - <u>Негедир жактыра бербегендей</u>.*

*<u>Жүрөгүң алактагандай эмне балээ болуп кетиптир.</u> (Б.Усубалиев)*

Асты сызылган айтымдарды үн ыргагынын таасири астында айтымдын жактырбоо, какшык, тыйуу ж.б. маанилик оттенокторуна өткөрүүгө болот.

Ал түгүл үн ыргагына жараша айтымдын айтылыш максатынын түрү да бир коммуникативдик түрдөн, экинчи коммуникативдик түргө өтүп кетет:

*Бала эчтеке түшүнгөн жок.*

*- Ушундай болорун билгем! Суру жаман болчу каапырдын! Башыңды жуткур! Акыры жуткан экен да! Жутмак, жутмак, жуттуң...*

*Жаны тыныптыр! (Б.Усубалиев).*

Эгерде асты сызылган айтымдарды жай ыргак менен айта турган болсок жай айтымга айланып калмак, үн ыргагынын тез айтылышынын натыйжасында айтым илептүү айтымдын түрүнө өтүп кетти. Тилдеги эмоционалдуу-экспрессивдүү сөздөр айтымга эмоционалдык түс, ыраң бере алат, бирок алар айтымдын коммуникативдик-функционалдык маанисин толук ачып бере албайт.

Ал интонация менен шайкеш айтылганда гана өз максатына жете алат.

Демек, үн ыргагы (мелодика) интонациянын негизги, маанилүү каражаттарынын бири. Ал негизги тондун кыймылынын айтымдагы, фразадагы жогору-төмөн, төмөн-жогору багытта өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Эгер сүйлөөчүнүн айтып жаткан кеби монотондуу айтылса, кулакка жагымсыз угулуп, жадатып жиберет. Негизги тон акустикада төрт деңгээл менен өлчөнөт: эң жогорку, жогорку, орто жана төмөнкү.

Үндүн эң жогору же эң төмөн айтылышы коммуникативдик мааниге ээ эмес, ал тек гана сүйлөөчүнүн жеке өзгөчөлүгүн билдирет. Алсак, аялдардын добушу эркектердин добушуна караганда эки эсеге жогору. Бирок мунун тилдик мааниси жок. Үн ыргагы айтымды синтагмаларга, фразаларга ажыратууда өзгөчө маанини ээлейт. Ал жалпы эле грамматикалык каражаттар менен айкалышта адамдын ой-сезимин, пикирин, эмоциясын толук билдирүүгө көмөктөшүп, айтымдын айтылышы боюнча түрлөргө ажыратууда негизги каражат катары кызмат кылат.

Үн ыргагы жалаң эле лингвистикалык изилдөөлөрдө гана эмес, музыка дүйнөсүндө да кеңири колдонулат. Кеп ыргагы менен музыкалык ыргактын ортосунда айырмачылыктар бар. Кеп ыргагы музыкалык ыргакка караганда, биринчиден, бир эле тондо кармалып турушу мүмкүн эмес, улам тынымсыз өзгөрүп турат. Экинчиден, музыкалык ыргактагыдай атайын өзгөчө гаммалардын аралыгы чектелбейт, үчүнчүдөн, тондун кандайдыр бир созулушу сакталбайт. Музыкалык ыргактын адамдын сүйлөө речи, анын интонациялык белгилери менен генетикалык жана тарыхый байланышта болушу музыканын ыргагына өз таасирин тийгизбей койбойт. Музыканын ыргагы сүйлөө речине же сүйлөө ыр болот. Музыкалык ыргактан кеп ыргагы сыяктуу кандайдыр бир так маалымат ала албайбыз. Музыкалык ыргакта турмуштун көп кырдаалдары - өзгөчө ыргактуу жана эмоционалдуу жагдайлары кеңири чагалдырылат. Ырас, музыкалык ыргактын негизин кеп ыргагы түзөт. Кеп ыргагынын өнүгүшүнүн негизинде музыкалык ыргак жаралган.

Кыргыз тилинде үн ыргагы (мелодика) кандайдыр бир өтө музыкалуу экендиги байкалат. Кыргыз тилиндеги ыргактуулуктун, сөздөрдүн куюлушуп айтылышынын бир себеби - үндүүлөрдүн, сөздөрдүн, атүгүл айтымдардын үндөшүү законунун натыйжасы болуп саналат.

*Мисалы, жети кылым жана өттү,*
*Күн айланып жыл өттү,*
*Күнү-түнү тынчыбай,*
*Күкүктөй сайрап эл өттү.*

*(К.Жунусов)*

*Ат кубаты жол менен,*
*Адамдын күчү мал менен,*
*Аарынын күчү бал менен,*
*Булуттун күчү жел менен,*
*Буудайдын күчү тер менен,*
*Улуктун күчү эл менен,*
*Дыйкандын күчү жер менен,*
*Кыяндын күчү сел менен,*
*Катындын күчү эр менен.*

*("Манас")*

Албетте, үн ыргагы өз алдынча айтылганда эч кандай семантикалык маанини билдире албайт. Ал тилдин лексика-грамматикалык каражаттары жана интонациянын башка элементтери менен тыкыз байланышта, карым — катнашта болгондо гана семантикалык кызмат аткара баштайт. Үн ыргагы "бардык тилдерге мүнөздүү болсо да, алардын калыптанышына жана акустикалык параметрлердин (өлчөмдөрдүн) диапазондору, орун алмашуулары ар бир тилде айырмалуу болот" (Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, 1980,79).

Басым - фонетиканын дагы, интонациянын дагы составдык бөлүгү катары каралып келе жатат. Басымдын табиятын жана анын түрлөрүн аныктоо фонетиканын жана интонациянын эң татаал маселелеринин бири болуп саналат.

Басым - тилдин сегменттик жана суперсегменттик каражаттарынын негизинде сөздүн составындагы муундун, айтым ичиндеги бөлөк сегменттерден айрымаланып, көтөрүңкү басым түшүп айтылышы. Традициялык фонетикада басым өз ара: сөздөгү басым, синтагмалык басым жана фразалык (логикалык) басым болуп бөлүнөт. Сөз басымы, синтагмалык басым жана фразалык басым бири-бири менен тыгыз байланышта, өз ара карым-катнашта болгону менен аткарган милдети жана кызматы жагынан бири-биринен айырмаланат. Басым айтым ичиндеги муунга түшсө, акустикалык жактан өзгөчө бөлүнүп айтылса синтагмалык басым дейбиз.

*Демейде коркпогон жаның бүгүн кандайча коркуп калдың?*
*- Бүгүн атам жок де.*
*- Атам?...*
*- Ооба, атам жок. Атам жок болсо эле корко берем (Б.Усубалиев).*
*Кейпи көз жашын көлдөтүп ыйлаган көрүнөт.*
*- Жигит, радиону өчүр!*
*- Концерт угалы, апа.*

*- Өчүр дегенден кийин өчүрбөйсүңбү, аа! Улуу кишинин сөзүн угуу керек го (Б.Усубалиев).*

## СПИСОК ЛИТЕРАТУРЫ

1. Система языки и речевая реализация его категорий /Редкол.: З.Я.Тураева. – Л.: Ленинград.гос.пед.институт, 1978. – 119 с.

2. Чыманов Ж.А. Тил жана кеп жөнүндө сөз. – Б.: Б-сыз, 2005. – 148 б.

3. Васильева Н.В. Художественная речь. – М.: Рус.яз., 1983. – 256 с.

4. Давлетов С.А. Байланыштуу речь. – Б., 1999. – 107 б.

5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Б., 1980. – 79 б.